| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУ<br>ОРОЗБЕКОВ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ОРОЗБЕКОВСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Орозбеков айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы**

**№62 токтом**

**2025-жылдын 10-октябры** **Учкун айылы**

**Орозбеков айыл аймагынын башкы планын иштеп чыгуу жөнүндө**

Орозбеков айыл өкмөтүнүн башчысынын баяндамасын угуп, талкуулап, айылдык кеңештин жер жана муниципалдык менчикти башкаруу боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз жана Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 18-беренесине, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Орозбеков айылдык кенештин сессиясы **токтом кылат:**

1. Орозбеков айыл аймагынын калктуу конуштарынын башкы планы иштеп чыгылсын.
2. Башкы планды иштеп чыгуу боюнча тиешелүү мамлекеттик органдар жана институттар менен иш алып баруу жана керектелүүчү каражатты 2027-жылдагы бекитилүүчү бюджетке сунуштоо айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
3. Токтом сайтка жарыяланып, Кыргыз Республикасынын ченемдик укук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилсин.
4. Ушул токтом сайтка жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жер жана муниципалдык менчикти башкаруу боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **К. Каримов**